**Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын “Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси” деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишинин расмий оппонентинин**

## ПИКИРИ

Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын “**Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси”** аттуу 10.021.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши кыргыз тили илими жаатындагы актуалдуу маселеге арналган эмгек экендигин белгилөө менен, ишти талдоону квалиметрикалык баалоо параметрлери аркылуу төмөндөгүдөй тартипте жүргүзгөндүгүбүздү белгилемекчибиз:

**1. Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз тили илиминде риторика, анын ичинде кара риторика маселелери илимий-теориялык негизде териштирүүгө алына элек. Азыркы учурда риторика грамматика, логика, стилистика, кеп маданияты, поэтика өңдүү жана башка бир катар тармактар менен тыгыз байланыштагы, филологиялык циклдагы илим катары гана эсептелбестен, дээрлик бардык илимдерге жана искусствонун түрлөрүнө тиешеси бар, ал гана эмес, аларды өздөштүрүүнүн “кептик инструментине” айланган өзгөчө илимий тармак, экинчи жагынан, таасирдүү, максаттуу, натыйжалуу сүйлөө чеберчилиги, искусствосу катары аныкталып жүргөндүгү белгилүү. Ошондуктан, мурдатан белгилүү болгон риторикалык канон риториканын да, бүгүнкү күндөгү неориториканын да өзөгүн түзүп, оозеки кептик коммуникация процессиндеги өзгөчө актуалдуу маселелердин катарында турат. Ал эми, оозеки кептик коммуникация адамдар ортосундагы пикир алышуунун, сүйлөшүүнүн негизги каражаты катары эсептелери эч кандай талаш жаратпайт. Демек, мындай кептик реалдуулук катары эсептелген кара риториканын теориялык жана практикалык маслелелерин изилдөөгө алган бул диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу төмөндөгүдөй жагдайлар менен негизделген:

- кара риторикага кыйыр байланышкан айрым бир эмгектерди эске албаганда, анын кыргыз тили илиминде атайын изилдөөнүн обьектиси болбогондугу;
- коомдук жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө активдүү колдонулган псевдологикалык технологиялар, манипуляциялык амалдар, рабулистика, софистика өңдүү ык-амалдардын чеги, түрлөрү ажыратылып, конкреттүү тилдик фактылардын мисалында каралбагандыгы;

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 10-24-13
«31» 12 2024 ж.г.

- кыргыз тили илиминде текст система-структуралык, семантика-функционалдык, лингвопрагматикалык анализдердин обьектиси катары лингвистикалык, лингвостилистикалык, филологиялык өңүттөрдөн талдоого алынганы менен, тексттин риторикалык түзүзүлүшүнө талдоо жүргүзүлбөгөндүгү;
- көркөм текстке риторикалык талдоону жүргүзүүгө арналган илимий изилдөөлөрдүн жоктугу;
- кара риторикадагы кептик стратегиялар менен тактикалардын реализацияланышында, кептик жүрүм-турумдун өзгөчөлөктөрүнүн текстте чагылдырылышында, псевдологикалык технологиялардын, вербалдык агрессия, демагогия, рабулистика, софистика өңдүү амлдардын ишке ашуусунда риторикалык фигуралардын маанисинин ачылып берилбегендиги.

Конкреттүү түрдө көрсөтүлгөн бул аспектилер теманын актуалдуулугун шарттап турат.

**2. Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыгы.**

Кыргыз тили илиминде сөздүн магиялык кудурет-күчү, анын ичинде кара риторика маселеси буга чейин изилдөөнүн обьектиси катары карала элек эле. Негизинен, азыркы учурда риторика грамматика, логика, стилистика, кеп маданияты, поэтика өңдүү жана башка бир катар дициплиналар менен тыгыз байланыштагы, филологиялык циклдагы илим катары гана эсептелбестен, дээрлик бардык илимдерге жана искусствонун түрлөрүнө тиешеси бар, ал гана эмес аларды өздөштүрүүнүн "кептик инструментине" айланган өзгөчө илимий тармак, экинчи жагынан, таасирлүү, максаттуу, натыйжалуу сүйлөө чеберчилиги, же искусствосу катары аныкталып жүргөндүгү белгилүү. Албетте, байыркы Грециядан башат алган классикалык риторика, монологдун теориясына негизделген ораторлук искусство акрындап коомдук турмуштун түрдүү чөйрөлөрүндөгү, асыресе, маалымат айдынындагы болуп көрбөгөндөй өзгөрүүлөр , анын ичинде инсандын коммуникативдик потенциалынын өсүүсү риториканын да табиятына өзгөрүп-өсүшүнө өбөлгө түзгөн. Социологиялык изилдөөлөрдө адам иш убактысынын 65%ын оозеки сүйлөшүүгө сарптай тургандыгы айтылса, америкалык окумуштуулар ар бир адам орто эсеп менен өз өмүрүнүн 2,5 жылын сүйлөшүүгө жумшай тургандыгын далилдешкен. Американыктар, европалыктар, япондор оозеки сүйлөшүүнү коомду жакшыртуунун жана өнүктүрүүнүн эң маанилүү каражаты катары кабылдашат. Ушул себептүү риторика Американын билим берүү системасындагы эң негизги предметтердин бири гана болбостон, ал мамлекеттик идеологиянын предметтинин деңгээлине чейин көтөрүлгөн [Брынская, 1987, 9]. Демек, коммуникациянын башка түрлөрү менен катар,

адамзат коомунда вербалдык коммуникациянын ролунун азыркы учурдагыдай деңгээлге жетип, татаал системага айланып, тармакталышынын риториканын педагогикалык риторика, юридикалык риторикалык, саясий риторика, аскерий риторика, дипломатиялык риторика, эвристикалык риторика, иштиктүү риторика, илимий риторика, компоративистик риторика, полемикалык риторика, манипуляциялык риторика, медиариторика, медициналык риторика, кара риторика өңдүү бир катар түрлөргө бөлүнүшүнөн да көрүүгө болот.

Алынган жыйынтыктардын **илимий жаңылыгын** төмөнкү концептуалдык ойлор түзөт:

1) риториканын жана кара риториканын маселелеринин жалпы тил илиминде, түркологияда, кыргыз тили илиминде изилденишинен алынган жыйынтыктарга карата диссертант өзүнүн жекече теориялык ойлорун билдириши, кыргыз тили илиминде бул багыттагы изилдөөлөргө жол көрсөтүлүшү;

2) изилдөөнүн материалдарына, булактарына таянуу менен, изилдөөчү жалпы жана жеке риторика маселелериндеги ораторлорду түрлөргө бөлүштүрүүнүн принциптери, риториканын базалык-түшүнүк категориялары боюнча өз алдынча ынанымдуу жыйынтыктарды чыгара алгандыгы;

3) кыргыз тили илиминде буга дейре кара риториканын аныкталуу маселелеринин, анын колдонулуу чөйрөсүнүн, принциптеринин иликтенбегендигине байланыштуу көйгөйлөрдү чечүүнү көрсөтө алгандыгы;

4) кара риторика, анын максаты, колдонулуу чөйрөсү, байланыштуулукту шарттаган суггестивдик лингвистика, кептик стратегиялардын типологиясы боюнча жекече көз караштарын билдире алгандыгы;

5) кара риторикадагы кептик тактикалар, манипуляциялык ык-амалдар, риторикалык фигуралардын колдонулушу боюнча изденүүчүнүн ой жүгүртүүлөрү.

**3. Теориялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү.** Диссертациялык иштин теориялык жана методологиялык базасы катары В.И.Аннушкин [1989], Ю.В. Рождественский [1997], Н.Б. Мечковская [1998], Т.В. Анисимова, Е.Г. Гимпельсон [2008], Н.А. Безменова [1991], В.А. Гофман [2010], А.К. Михальская [2008], С. Ф. Иванова [1978], С. А. Минеева [1991], А.А. Волков [2001], Л. Н. Горобец [2008], Е.В. Клюев [2001], О. А.Баева [2002], Д.Вайссман [2004], Л. Г.Павлова [2004], Бредемайер К. [2005], М.Л.Гаспаровдун [1972], С.Ф. Ивановадын [1978], С. А. Минееванын [1991], В.И. Андреев, [1995], Н.А.Абрамова, И.А.Никулина, [2021], Н. Н Кохтев [1994], Т. В. Матвеева [2015], С.В.Меньшенина [2013], М.М. Бахтин [1996], Д.Б. Гудков [1999], В.В. Красных [1998], **М.В.Метлов [2005],**

К.Бредемайер [2014], Е.Н.Кривенышева, 2003, Л.П.Сидоренко, Н.Н.Петрова [2015], С.В. Мкртычян [2007], Р.П.Абельсон [1987], Н.Д.Арутюнова [1983], В.М.Баранов [1990], П.Б. Паршин [1986], Г.О.Винокур [1993], М.Я.Гловинская [1993], В. Иванова [1994], И.В.Сентенберг, В.И.Карасик [1993], И.А.Стернин [2001], Л.А.Шкатова [1994], Б.Д. Парыгин [1971], М.Л. Линецкий [1988], И. Ю. Черепанова [1991, 1996, 1998,2001] Матвеев [1990], Мясищев [1998] А. Б. Бушев [1999], Н. Мурзин [1998], С. А. Тамарченко [1998], С.Ж.Мусаев [1998], С.Ж.Мусаев [2000], Т.Маразыков [1996, 2005] С.Өмүралиева [1987], Б.Ш.Усубалиев [1994], В.Мусаева [2016], А.Обозканов [2016] өңдүү окумуштуулардын изилдөөлөрү алынды. Алардагы бир катар методдор, ыкмалар, анализ жүргүзүү процедуралары пайдаланылды.

**4. Иштин практикалык мааниси.** Изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды риторика, кеп маданияты, тексттин лингвистикасы, заманбап медиатекст, когнитивдүү лингвистика, экспрессивдик синтаксис, коммуникативдик синтаксис, көркөм текстке лингвистикалык илик жүргүзүү өңдүү дисциплиналар боюнча лекциялык курстарды жана семинардык сабактарды өтүүдө пайдаланууга болот. Ошону менен эле бирге изилдөө ишинен алынган жыйынтыктар аталган багыттар боюнча окуу куралдарын, типтүү жана жумушчу программаларды, лекциялык курстардын тексттерин даярдоодо теориялык материал иретинде колдонууга сунушталат.

**5. Изденүүчүнүн проблемага байланыштуу изилдөөгө кошкон салымы**. Риториканын айрым өзөктүү маселелеринин, ошону менен эле бирге кара риториканын принциптеринин, анын суггестивдик лингвистика менен болгон байланышынын, кептик стратегиялардын типологиясынын, кептик тактикалар жана манипуляциялык ык-амалдардын, кептик фигуралардын кара риторикада колдонулушунун, апозиопезис, прозиопезис жана парцелляция өңдүү теориялык, ошондой эле көркөм жана медиатексттердин риторикалык талдоо жүргүзүүгө байланышкан практикалык мүнөздөгү маселелердин кыргыз тилинин факт-материалдарынын негизинде изилдениши автордун жеке салымы болуп эсептелет.

**6. Эксперименталдык жана көргөзмө материалдары**. Лингвистикалык материалдарды иргеп алууда риторика, кеп маданияты, тексттин лингвистикасы, заманбап медиатекст, когнитивдүү лингвистика,

экспрессивдик синтаксис, коммуникативдик синтаксис, көркөм текстке лингвистикалык илик жүргүзүү өңдүү дисциплиналар боюнча лекциялык курстар жана семинардык сабактар натыйжалуу материалдар боло алат. Алар илимий-теориялык жана пратикалык өңүттөн талданган.

**7. Жаңылык жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү**.

**1-натыйжа:** Кыргыз тили илиминде буга чейин эле риториканын жана кара риториканын маселелери илимий обьект катары белгилүү даражада изилдөөгө алынып келген. Андыктан, алар иштин максатына жетүүдөгү пайдаланылуучу даяр материалдар болуп саналат. Арийне, диссертанттын коюлган маселеге карата жекече көз караштагы илимий-теориялык ойлорунун билдирилиши – жаңы.

**2-натыйжа.** Жалпы риторика жана кара риторика боюнча кыйла изилдөөлөр жүргүзүлүп, бир катар илимий эмгектер жаралган жана ал эмгектердин көпчүлүгү коюлган маселени ишке ашыруу үчүн илимий-методологиялык негиз катары алынган. Алардын маани-маңызына, оош-кыйыштарына сереп салынып, кошумча ой-пикирлер билдирилип, так талдоолор жүргүзүлгөн. Иштин максат-талаптарына ылайык, изилдөөнүн иллюстративдик материалдары, булактары, обьектиси, предмети, методдору аныкталып көрсөтүлгөн.

**3-натыйжа.** Бүгүнкү күндө илимий-технологиялык өнүгүүнүн натыйжасында башка илимий тармактар менен катар, риториканын да маани-маңызы өзгөрүп, функциясы артып, анын педагогикалык риторика, юридикалык риторика, саясий риторика, дипломатиялык риторика, илимий риторика, полемикалык риторика, компоративдик риторика, манипуляциялык риторика, кара риторика өңдүү ж. б. түрлөрү белгиленет. Жалпы жана жеке риторикага басым жасоо менен, теориялык риториканын негиздери, кепти жаратуунун лингво-психологиялык жагдайлары, механизм-принциптери, ораторлорду түрлөргө бөлүштүрүү, риториканын базалык түшүнүк-категориялары каралат жана бул маселелер кыргыз тилинин факты-материалдары аркылуу сыпатталып териштирилет. Бул багыттагы изилдөөлөр жаңы.

**4-натыйжа. Жаңы.** Кара риторикага так мүнөздөмөлөр берилет. Кара риторика кепти каалаган нукка буруу, оппоненттти, публиканы өзүнө керектүү бүтүмгө келтирүү үчүн, риторикалык, диалектикалик, рабулистикалык ык-амалдарды манипуляциялык максатта колдонуу катары аныкталат жана этикалык нормаларды бузуу менен, оппонентти эмоциялык тең салмактуулуктан чыгаруу аркылуу аны өз эркине баш ийдирүүгө, макулдатууга багытталган аракеттердин жыйындысы катары да түшүндүрүлүп, буларга карата конкреттүү факты-материалдар келтирилип далилдөөгө алынган.

**5-натыйжа.** Кептик коммуникацияда колдонулуучу бардык коммуникативдик жана техникалык ык-амалдар, методдор өзүнчө турганда бейтарап абалда болуп, ал эми алардын кара, же ак риторикага тиешелүү болуп калышы мындай каражаттардын колдонулуу максатына байланышта болору бул багытта изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн айрым окумуштуулардын пикирлери менен бекемделет. Суггестиянын методдорунун тил илиминде колдонулушу суггестивдик лингвистиканын жаралышын, кара лингвистика суггестивдик лингвистиканын алкагында да каралаарын көрсөтө келип, суггестиянын кара риториканын коммуникативдик-когнитивдик негизин түзө тургандыгы кара риториканын стратегиялык максаты болуп саналары белгиленген.

**6-натыйжа. Жаңы.** Көркөм текст – искусство, ал илимий изилдөөнүн да обьектиси. Көркөм текстке талдоо жүргүзүү аркылуу тексттин риторикалык түзүлүшүнүн ар кандай аспектилерине мүнөздүү маселелери, кеп аркылуу таасир этүүнүн түрдүү ыкмалары, кептик стратегиялар менен тактикалардын реализацияланышы, тексттеги кептик өзгөчөлүктөрдүн чагылдырылышы, риторикалык фигуралардын жана стратегемалардын колонулушу аныктоого алынган.

**7-натыйжа. Жаңы.** Изилдөө ишинде манипуляцияларга, вербалдык амалдарга көңүл бурулуп, кара риторикада аларды ишке ашыруунун каражаттары катары амплификация, климакс, антиклимакс, антитеза, атрибутизация, апозиопезис, прозиопезис, парцелляция өңдүү жана башка риторикалык фигуралардын маани-маңызы ачык-айкын белгиленет жана аларды далилдөө максатында интернет булактарынан алынган материалдар, саясий кайым айтышууларга байланыштуу тилдик илдюстрациялар талдоого алынат. (3.5., 3.6., 3.7.)

**8. Автор алган натыйжалардын илимий-практикалык мааниси.** Изилдөө ишинин башкы объектиси катары эсептелген риториканын жана кара риториканын сыпатталып териштирилиши кыргыз тили илиминде өзөктүү маселелердин бири экендиги анык. Андыктан иштеги негизги теориялык жоболор кыргыз тили илиминдеги актуалдуу жаңы изилдөөлөргө өбөлгө түзсө, ал эми анын практикалык мааниси ЖОЖдордо лекциялык курстарды, магистрдик, кандидаттык жана докторлук диссертацияларды жазууда илимий-теориялык материал катары кызмат кыла алат.

**9. Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоо**. Изилдөө ишинин мазмуну логика-структуралык ырааттуулукка ээ жана андагы негизги концептуалдык өзөк иштин жалпы мазмунун түзүп турат. Ал эми иште риториканын жаралышындагы негизги лингвистикалык процесстер, механизмдер жана алардын табиятын изилдөөдөн алынган тыянактар өз ара ички бүтүндүккө ээ болуу менен, иште коюлган максатка жана милдеттерге ылайык чыгарылган.

**10. Тилдин илимий, стилдик жана логикалык өзгөчөлүктөрү**. Изилдөөчүнүн баяндоо стили илимий стилге коюлуучу бардык негизги талаптарга жооп берет. Атап айтканда, теориялык маселелердин табиятын сыпаттоодо далилдердин аргументтердин ынанымдуулугу, ар тараптуулугу өңдүү параметрлердин сакталгандыгын, ошону менен эле бирге орфографиялык, пунктуациялык жана техникалык ката-мүчүлүштүктөрдүн жокко эсе экендигин белгилөөгө болот. Мындан тышкары, диссертациялык иштин мазмундук өзөгү анда коюлган башкы максатка, конкреттүү милдеттерге жана коргоого коюлуучу негизги жоболорго ылайык ырааттуулукта каралгандыгы иштин логика-структуралык ички биримдикке ээ экендигин айгинелейт.

**Сын-пикирлер жана сунуштар**. Эксперт катары диссертациялык иш боюнча айтылган сунуш-кеңештер диссертант тарабынан эске алынган. Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын **"Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси"** деген темада жазылган диссертациялык ишине түзүлгөн квалиметрикалык матрица

| **№** | **Баалоо параметри** | **10** | **9** | **8** | **7** | **6** | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Актуалдуулугу | + | | | | | 10 |
| 2 | Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыгы | | + | | | | 9 |
| 3 | Теориялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү | + | | | | | 9 |
| 4 | Иштин практикалык мааниси | + | | | | | 10 |
| 5 | Изилдөөчүнүн проблемага байланыштуу изилдөөгө салган салымы | | + | | | | 10 |
| 6 | Эксперименталдык жана көргөзмө материалдары | + | | | | | 9 |
| 7 | Жаңылыгы жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү | | + | | | | 9 |
| 8 | Автор алган натыйжалардын илимий-практикалык мааниси | + | | | | | 10 |
| 9 | Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоо | + | | | | | 10 |
| 10 | Тилдин илимий, стилдик жана логикалык | + | | | | | 10 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | өзгөчөлүктөрү | | | | | | |
| | | | | | | | 96 |

Жыйынтыктап айтканда, Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын “**Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселесси**” деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КРнын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын койгон талаптарына толугу менен жооп берет. Ал эми анын автору У. Т, Мураталиева 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу.

**Расмий 1-оппонент, ф.и.д., доцент,**
**К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл**
**мамлекеттик университетинин**
**кыргыз тили жана адабияты**
**кафедрасынын профессору** **Дунканаев А. Т.**

**2024-ж., 30-октябрь**

Профессор А.Т. Дунканаевдин кол тамгасы өзүнө таандык экенин тастыктаймын.
К.Б.:

К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ